# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН СӨЗҮН ӨСТҮРҮҮНҮН НЕГИЗГИ ПРОБЛЕМАЛАРЫ

**Мусаева Венера Инаятовна[1], Гапарова Айжамал Эргешовна[2]**

*[1]педагогика илимдеринин доктору, профессор, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*
*[2]И.Арабаев атындагы КМУнун аспиранты Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

**Аннотация:** Макалада башталгыч класстарда эне тилин окутууда окуучулардын сөзүн өстүрүү жумуштарынын жалпы маселелери тууралуу сөз болду. Башталгыч класстарда сөз өстүрүүдөгү предмет аралык байланыш, алардын ичинен, айрыкча, кыргыз тили менен адабий окуунун окуучунун сөзүн өстүрүүдөгү максаты жана милдеттери, сөз өстүрүүдөгү кеп ишмердүүлүктөрүнүн ролу тууралуу баяндалды
**Түйүндүү сөздөр:** сөз өстүрүү, предмет аралык байланыш, кыргыз тили, адабий окуу, кеп ишмердүүлүгү, угуу, окуу, сүйлөө, жазуу, диалог, монолог.

**Аннотация:** В статье рассматриваются общие вопросы развития речи учащихся начальных классов при обучении кыргызского языка. А также межпредметные связи для развития речи детей, особенно при обучении кыргызского языка и чтении.
**Ключевые слова:** развитие речи, межпредметный связь, родной язык, чтение, речевой деятельность, чтение, говорение, письма, диалог, монолог

**Abstract:** The article discusses general issues of speech development in primary school students learning the Kyrgyz language. It also discusses interdisciplinary connections for the development of children's speech, especially in native language and reading instruction.
**Keywords:** speech development, interdisciplinary connections, native language, reading, speech activity, reading, speaking, writing, dialogue, monologue

Кенже класстарда эне тилин окутуунун өзүнүн бай тарыхый тажрыйбасы бар. Мына ушундан улам, “башталгыч мектеп – билимдин башаты” деп да бекеринен айтылып калбаса керек. Себеби, дал ошол башталгыч класстан окутуу, тарбиялоонун пайдубалы түптөлөөрү баарыга маалым. Эң башкысы, баланын айлана-чөйрөнү таанып-билүүсү, тегерегиндегилер менен карым-катнаш жасай билүүсү, өз алдынча сүйлөй алуусу, ар бир сөзгө маани берүүсү, жаңылбай, так, туура сүйлөөгө, сөз байлыгын топтоого умтулушу, байланыштуу кеби менен кеп маданиятынын калыптанышынын башаты, булагы дал ушул башталгыч мектепте эне тилин окутуудан башталаары анык.

Мына ушул багытта башталгыч класстар үчүн алиппеден баштап, кыргыз тили, адабий окуудан окуу программаларын [2;17], окуу китептерин окуу куралдарын [4;6;7;8;9;12;13;14;16] жана окуу-методикалык колдонмолорду [3;5;11;15; 18] талдоого алдык. Баштадгыч класстар үчүн окуу куралдарынын алгачкы авторлору катары, эгерде, тарыхый-хронологиялык тартип менен алып карап көрсөк, алгач эле, кыргыздын тунгуч агартуучулары И.Арабаев, С.Нааматов, К.Тыныстанов, Х.Карасаев, К.Бакеев, У.Бактыбаев, Э.Бердибаев, З.Бектенов, Б.Данияров, Т.Жолдошев, А.Шабданов, Т.Актанов, С.Турусбеков, Ш.Шүкүралиев, Ж.Мукамбаев ж.б. эстей алабыз. Ал эми алардын жолун улагандардын катарына А.Осмонкулов, К.Сартбаев, Б.Рысбекова, С.Кондучалова, Ыдырыс уулу Аскар, Б.Өмүралиев, Б.Үмөталиева, А.Мураталиева, З.Маразыкова, А.Мураталиева ж.б. Ал эми учурда С.Рысбаев, А.Токтомаметов, Аман Карымшаков, Асек Казиев, В.Мусаева, С.Сакиева, Б.Чокошева, А.Акунова, М.Раимбекова ж.б.эмгектенишип, өз салымдарын кошууда.


Айрыкча 20-30-жылдардагы И.Арабаев [6;12;13;14], С.Нааматов [7], К.Тыныстановдор [8] тарабынан жазылган тунгуч окуу китептеринде этнопедагогикалык багыттагы элдик табышмак, жаңылмач, макал-ылакап, жомоктордун негизинде сөз өстүрүүгө басым жасалган.

Республикабызда жалпы эки миң эки жүздөн ашуун орто мектеп болсо алардын ар биринде бир нечелеген башталгыч класстын мугалимдери эмгектенип келишет. Алардын арасында бүткүл өмүрүн кенже курактагы окуучуларды окутуп-тарбиялоого арнаган мугалим эжелердин айрымдарын атап өтсөк, мисалы, борбор калаабыздагы № 5 Улуттук компьютердик гимназияны эле алсак, отуз тогуз, кырк жылдык иш тажрыйбага ээ Гүлүмкан Асанкадырова, Ишенгүл Көкөева, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер Роза Жаанбаева, ошондой эле, Чынара Шайбекова, С.Абдыкадырова, Ч.Урсеитова жана башкалар. Бул сыяктуу мугалимдерди ар бир аймактагы ар бир мектептен кездештире алабыз.

Башталгыч класстар үчүн окуу программа, окуу китебинен баштап, окуу-методикалык колдонмолорду, бардык окуу предметтери боюнча, мисалы, кыргыз тили, адабий окуу, адеп, мекен таануу, орус тили, математика, сүрөт, музыка ж.б. окутуу жагдайындагы илимий-методикалык адабияттарды, ошондой эле, мугалимдердин иш тажрыйбаларын талдоого алуу менен бирге эле эң башкы маселе бул – окуучулардын сөзүн өстүрүүдө мына ушул жогоруда аталган окуу предметтеринин ортосундагы **предметтер аралык байланыштын** болуусунун зарылдыгы, сөзсүз түрдө, керектигинин өзү, айтпаса да, түшүнүктүү.

Тактап айтканда, кенже класстардын окуучуларынын сөзүн өстүрүү маселеси же көйгөйү дейбизби, жалаң гана кыргыз тилин окутуу процессинде ишке ашырылат деген жаңылыш ойдон алыс болушубуз абзел. Башталгыч мектепте окутулуп жаткан ар бир предмет, ар бир сабак, ар бир тема, сөзсүз түрдө, баланын сөзүн өстүрүүгө багытталганда гана биз жалпы ийгиликке жетише алабыз. Ошондо гана, күтүлүүчү натыйжа тууралуу кеңири сөз кылууга болот.

Мына ушуну биз баланын сөзүн өстүрүүдөгү негизги проблема катары карап, ошонун үстүнөн тынымсыз иштерди аткара алганыбызда гана баланы так, туура, адептүү, логикалуу, жеткиликтүү, түшүнүктүү, сабаттуу сүйлөөгө жана да жазууга көнүктүрө алабыз. Ошондуктан, кенже класстарда эне тилин окутуу процесси башка предметтер менен тыгыз карым-катнашта окутулганда гана ийгиликтерге жетише алат.




**1-сүрөт. Кенже класстардын окуучуларынын сөзүн өстүрүүдөгү предмет аралык байланыштын зарылдыгы**

Айрым учурда “башталгыч мектептин окуучуларынын сөзүн өстүрүү маселеси жалаң гана кыргыз тили сабагы учурунда ишке ашырылуусу керек” деген чектелген түшүнүктөр орун алып келет. Биз мына ушундай калпыс ойдон алыс болуп, сөз өстүрүү маселесине системалуу иш катары карообуз абзел.


Башталгыч класстарда сөз өстүрүү жумуштары жалаң эле кыргыз тили сабагында гана жүргүзүлбөстөн, 1-4-класстардагы окутулуп жаткан адабий окуу, мекен таануу, адеп, математика, сүрөт, музыка ж.б. бардык предметтер аркылуу комплекстүү жүргүзүү менен предмет аралык байланышты ишке ашыруу. Мисалга алсак:

- Адабий окуу предметин окутууда окуучулардын сөзүн өстүрүү;
- Мекен таануу предметин окутууда окуучулардын сөзүн өстүрүү;

- Адеп предметин окутууда окуучулардын сөзүн өстүрүү;
- Математика предметин окутууда окуучулардын сөзүн өстүрүү;
- Сүрөт предметин окутууда окуучулардын сөзүн өстүрүү;
- Музыка предметин окутууда окуучулардын сөзүн өстүрүү ж.б.

Дагы бир жагынан алып карасак, бул саналып өткөн окуу предметтеринин баарын бир гана мугалим окуткандыгына байланыштуу да сөз өстүрүү ишинде **предметтер аралык байланышты** ишке ашыруу менен аны системалуу окуу иши катары алып кеткенге толук окуу шарттары бар деген ойдобуз. Ушул аталган окуу предметтеринин ичинен, айрыкча, эне тили менен адабий окуунун ортосунда сөз өстүрүү жаатында өзгөчө карым-катышы орун алуусу шарт.


Башталгыч класста кыргыз тили менен адабий окуу предметтеринин окуу материалдарын окутуп-үйрөтүүнүн башкы максаты жана милдети да окуучунун сөзүн өстүрүүнүн алкагында ишке ашырылуусунун зарылдыгы алдыңкы орунда турат.




**2-сүрөт. Сөз өстүрүүдөгү эне тили менен адабий окуунун байланышы**

Бул багытта эки предметти окутууда окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүнүн төрт түрү ар бир сабакта жигердүү түрдө аракетке келүүсү зарыл. Алар:

- Угуу ишмердүүлүгү аркылуу окуучулардын сөзүн өстүрүү;
- Окуу ишмердүүлүгү аркылуу окуучулардын сөзүн өстүрүү;
- Сүйлөө ишмердүүлүгү аркылуу окуучулардын сөзүн өстүрүү;
- Жазуу ишмердүүлүгү аркылуу окуучулардын сөзүн өстүрүү ж.б.




**3-сүрөт. Сөз өстүрүүдөгү кеп ишмердүүлүгүнүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) маани-маңызы**

Эне тили жана адабий окуу предметтеринин окуу материалдарын окутуу процессинде жогоруда аталган кеп ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрү окуучунун сөзүн өстүрүүгө кызмат кылуусунун зарылдыгын баса белгилейбиз. Эгерде, кыргыз тили сабагында фонетикалык, лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик окуу материалдары окуучунун сөзүн өстүрүүнүн тилдик каражаты катары окутулса, ал эми адабий окууда элдик макал-ылакап, табышмак, жаңылмачтардан тартып, ыр, аңгеме, жомок, балдарга арналган санат-насыят жана үлгү ырларынын мисалында окуучунун сөзүн өстүрүү жумуштары ишке ашырылмакчы.

Бул чакан алакандай макалада кенже класстардын окуучуларынын эне тили сабагында сөзүн өстүрүүнүн айрым гана жактары тууралуу учкай гана сөз кылуу менен кайсы бир

ойлорубузду ортого салдык. Албетте, бул маселе терең жана ар тараптан изилдөөнү талап кылгандыктан, алдыда дагы да бир катар эмгектер жазылат деген ойдобуз.

**Адабияттар:**


1. Башталгыч мектепте «Эне тилин» окутуу боюнча (1-4-класс) предметтик куррикулум.- Бишкек, 2010
2. Башталгыч класстардын программасы. Б.: 2013. Билим басма борбору. – 47б.
3. Сартбаев К., Рысбекова Б. Башталгыч класстын окуучуларын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Ф.: «Мектеп», 1967
4. Рысбекова Б., Сартбаев К. Сабат таблицасы.-Фрунзе: Мектеп,1983
5. Рысбекова Б. Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөсү.-Фрунзе: Мектеп,1983
6. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924
7. Нааматов С. Алиппе. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931, -66б.
8. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз // Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч китеп. Жаңы тамга менен биринчи басылышы. -Ф.: 1928, 68б.
9. Мусаева В.И. Алиппеге кадам. Окуу куралы. 5-7жаштагы мектепке чейинки курактагы бөбөктөр үчүн “Алиппе” Б.: ОсОО “Принт-экспресс”, 2018. – 138б.
10. Мусаева В.И. Тап-тап табышмак. Окуу куралы. Б.: 2016. Полиграфбумресурс
11. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстардын кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Ф.: 1978
12. Арабай уулу Э., Сарсекеев Х. Алифбе йаки төтө окуу. Уфа, 1911. -52б.
13. Арабай уулу Э. Жазуу өрнөктөрү. Оренбург.1912
14. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924